Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
28-ноябры

№94 (3751)

www.erkin-too.kg

# ЖККУ беделдүү уюмга айланууда




**Кечээ Бишкекте Президент Садыр Жапаровдун төрагалыгы алдында Жамааттык коопсуздук кеңешинин жыйыны өтүп, ага Беларусь лидери Александр Лукашенко, Казакстан лидери Касым-Жомарт Токаев, Россиянын лидери Владимир Путин жана Тажикстандын лидери Эмомали Рахмон катышты.**

Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун Жамааттык коопсуздук кеңешинин кезектеги жыйыны болордун алдында уюмга мүчө мамлекеттердин башчылары үчүн Бишкек шаарындагы "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында кыскача этно-маданий программа тартууланды. Жогорку даражалуу коноктору кыргыз элинин салттуу турмушу менен маданиятынын элементтери камтылган “Кыргыз айылы” этнографиялык комплекси менен тааныштырышты. Анын ичинде боз үйлөрдүн жасалгасы, улуттук турмуш-тиричилик буюмдары, уз-чеберлердин эмгектери, ошондой эле уюмга катышуучу-мамлекеттердин маданий өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү. Ошондой эле Президент Садыр Жапаров мамлекет башчыларына кыргыз элинин сый-урматынын жана меймандостугунун символу катары колго жасалган панно жана улуттук музыкалык аспаптарды тартуу кылды.

Алгач Жамааттык коопсуздук кеңешинин тар курамдагы жыйыны болду. Жыйынды ачкан Президент Садыр Жапаров бул жолугушуунун жыйынтыктарын жарыялап, регионалдык жана глобалдык коопсуздуктун негизги аспектилери боюнча ачык пикир алмашуу өткөнүн, күн тартибиндеги бардык маселелер боюнча өз ара түшүнүшүү камсыздалганын белгиледи. Мамлекет Башчысы сессиялар аралык мезгил тууралуу айтып, заманбап чакырыктар жана коркунучтарга каршы туруу боюнча конкреттүү иштер жасалганын, ошондой эле Уюмдун эл аралык абройюн бекемдөө жаатында иш жүргөнүн баса белгиледи. Бул контекстте аскердик, аскерий-экономикалык жана аскердик-техникалык кызматташтык багытында көрүлгөн чараларды белгилеп, алардын катарында ЖККУнун Жамааттык ыкчам аракеттенүү күчтөрү менен биргелешкен “Өз ара аракеттенүү–2025”, чалгындоо бөлүктөрүнүн атайын “Издөө–2025”, ошондой эле Беларуста өткөрүлгөн материалдык-техникалык камсыздоо боюнча “Эшелон–2025” машыгуулары өткөрүлгөнүн эске салды. Мындан сырткары, Кыргызстанда Борбор Азия аймагынын Жамааттык ыкчам жайгашуу күчтөрү менен «Чек–2025» командалык-штабдык машыгуулары, Тажикстанда «Бузулгус бир туугандык–2025» жана ЖККУнун радиациялык-химиялык коопсуздук жана медицина багытындагы бөлүктөрүнүн катышуусундагы «Барьер–2025» атайын машыгуулары өткөрүлдү.

“Бул жана башка иш-чаралар мүчө мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн арасындагы аракеттердин шайкештигин камсыздап, алардын коюлган милдеттерди аткарууга даярдыгын жогорулатты. Терроризм жана экстремизм максаттарында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу фактыларын аныктоо, алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча ЖККУ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдарынын өз ара аракеттенүүсү, кызматташтыгы улантылды. Жалпысынан айтканда, уюмдун 2025-жылга пландалган иш-чаралары ийгиликтүү аткарылды” деп билдирди Садыр Жапаров.

Ошентип кечээги жыйында аткарылган иштердин жыйынтыгы чыгарылып, келерки жылдагы ЖККУнун ишмердүүлүгүнүн багыттары аныкталып, тиешелүү милдеттер коюлду. Өлкө лидерлери Жамааттык коопсуздук кеңешинин кезектеги жыйынын келерки жылдын 11-ноябрында Россия Федерациясында өткөрүүнү макулдашышты. Андан соң Президент Садыр Жапаров Имангали Тасмагамбетовду Уюмдун Башкы катчысы кызматындагы жемиштүү иши үчүн ЖККУнун I даражадагы Ардак белгиси менен сыйлады. 2026-жылдан тартып анын кызмат ордун Таалатбек Масадыков ээлей турган болду.

ЖККУнун Жамааттык коопсуздук кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгы боюнча жамааттык коргонуу механизмдерин мындан аркы чыңдоого, мүчө мамлекеттердин коопсуздук маселелериндеги өз ара аракеттенүүлөрүн өркүндөтүүгө жана аскердик-саясий чөйрөдөгү кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталган ондон ашык документтерге кол коюлду.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КЫРГЫЗ-ОРУС ЫНТЫМАГЫ ТҮБӨЛҮК

# Россиядан салынган инвестициянын көлөмү 2 млрд доллар



***Бул жумада өлкөбүз өтө жыш саамалыктарга толду. Эң башкысын айтсак, Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин мамлекеттик сапар менен Кыргыз Республикасына келди. Ардактуу конок "Манас" эл аралык аэропортуна конору менен Президент Садыр Жапаров жогорку сый-урмат менен тосуп алды. Келген күнү Владимир Путин Жеңиш аянтындагы Өчпөс отко гүлчамбар койду.***

Эртеси Президент Садыр Жапаров менен Россиянын Президенти Владимир Путиндин расмий жолугушуу аземинен кийин кеңейтилген форматта сүйлөшүүлөрдү өткөрүшүп, кыргыз-россиялык өз ара аракеттенүүнүн негизги маселелерин, ошондой эле кызматташтыкты өнүктүрүү келечегин талкуулашты.

Россиянын Президентин тосуп алган Президент Садыр Жапаров Владимир Путиндин Кыргызстанга болгон мамлекеттик сапары өз ара түшүнүү, жогорку ишеним жана союздаштык алакалар менен стратегиялык өнөктөштүктү бириктире чыңдоо ниетине негизделген кыргыз-орус мамилелеринин бекемдигин айкын тастыктап турарын белгиледи. Ошого катар көп жылдар бою, анын ичинде окуялары түбөлүккө жалпы тагдырды аныктап, азыркы кызматташтыктын пайдубалын түзгөн Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында биздин элдер биримдикти жана боордоштук колдоону көрсөтүп келгенин билдирди.

Өз кезегинде Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин мамлекеттик сапар менен достук мамиледеги Кыргызстанга келүүгө чакыруу үчүн ыраазычылык билдирип, Россия Кыргызстандын алдыңкы соода-экономикалык өнөктөшү экенин баса көрсөттү. Ошондой эле Россиядан Кыргызстанга салынган инвестициянын көлөмү дээрлик 2 млрд долларга жеткенин белгиледи.

"Өткөн жылы товар жүгүртүү 13,6%га көбөйүп, рекорддук $4,1 миллиардга жеткен. 2025-жылдын январь-сентябрь айларында дагы 17% кошулган. Азыртадан эле бардык төлөмдөрдүн 97%ы улуттук валютада жүргүзүлөт. Сиз Россия инвестициялары тууралуу айттыңыз. Чынында эле инвестициялар да өсүп, дээрлик 2 млрд долларга жетти. Республикада Россиянын катышуусу менен 1,7 миң ишкана иштеп жатат" деди Россия Президенти.

Мындан сырткары, "Чет өлкөдөгү россиялык мугалим" программасынын алкагында өлкөнүн 42 мектебинде Россиядан келген 157 мугалим эмгектенип жатканын белгилеп, 2023-жылы биз сиздер менен биргеликте Кыргызстанда окуу орус тилинде жүргүзүлгөн 9 орто мектеп куруу боюнча биргелешкен долбоор башталып, алардын алгачкы үчөөсүн 2027-жылдын 1-сентябрында ачуу пландалып жатканын белгиледи Владимир Путин.

Президенттердин сөзүнөн кийин эки өлкөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын жетекчилери өз ара кызыкчылык туудурган бардык тармактарда кыргыз-россиялык кызматташтыктын абалы жана келечеги жөнүндө баяндама жасашты.

Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаров менен Россиянын Президенти Владимир Путиндин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгында билим берүү, экономика, саламаттыкты сактоо, миграция, эки тараптуу аскердик-техникалык кызматташтыкты өнүктүрүү жана "Россия Почтасы" менен "Кыргызстан почтасынын" ортосундагы макулдашууну камтыган бир катар эки тараптуу документтерге кол коюлду.

### БИЛДИРҮҮДӨ ЭМНЕЛЕР АЙТЫЛДЫ?

Президент Садыр Жапаров Президент Владимир Путин менен болгон сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ЖМК үчүн билдирүү жасады.

Анда Кыргыз-Россия өз ара мамилелери биздин элдердин кылымдардан келген достугуна, тыгыз маданий-гуманитардык байланыштарына жана жалпы тарыхый мурасына негизделгени белгиленип, өзгөчө соода-экономикалык кызматташтыкка көңүл бурулганы айтылды. Россия Федерациясы Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөштөрүнүн бири болуп саналары, анын үлүшү жалпы товар жүгүртүүнүн 22%ын түзөрү, башкача айтканда, өлкөбүздүн тышкы соодасынын дээрлик төрттөн бири Россиянын үлүшүнө таандык экени баса көрсөтүлдү. Баарыбыз билгендей, өлкө башчылары өз ара сооданын көлөмүн жакынкы жылдары 5 миллиард долларга жеткирүүнү көздөп, жалпы максатка карай туруктуу бара жатканын белгилешти.

Инвестицияга келсек, Россиядан түз тартылган инвестиция быйылкы жылдын алты айында 110 миллион АКШ долларын түзгөнү айтылды. Кыргызстандын рыногун изилдөөгө жана иш алып барууга кызыккан россиялык ишкерлерди ар дайым кубаттап, алардын ийгиликтүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө дилгир экенибиз белгиленди. Маселен, 2025-жылдын ноябрына карата Кыргызстанда россиялык катышуусу бар 1800дөн ашуун компания иштеп жатат. Бул өлкөбүздөгү бардык чет элдик компаниялардын үчтөн бир бөлүгүн түзөт.

Ошондой эле өз ара кызматташтыкка дем берүү максатында Кыргызстанда Россиялык инвесторлор ассоциациясын түзүү боюнча россиялык өнөктөштөрүбүздүн демилгесин толук колдой тургандыгыбыз кошумчаланып, эки тараптуу экономикалык алакаларды өнүктүрүүдө негизги драйверлердин бири болуп калган Россия–Кыргыз өнүктүрүү фондунун ишине жогору баа берилди. Чынында чоң иш аткарды. Түзүлгөн күндөн тартып Фонд Кыргызстандын экономикасына бир миллиард АКШ долларынан ашуун инвестиция салып, республиканын аймагындагы үч жарым миңден ашуун долбоорду каржылады. Натыйжада, инвестициялардын жалпы көлөмү Фонддун баштапкы уставдык капиталынан эки эсеге көбөйдү. Бүгүнкү күндө Фонддун катышуусу менен жалпы суммасы 175 миллион АКШ долларынан ашык болгон 14 гидроэнергетикалык жана кайра жаралуучу энергия булактарынын курулушу каржыланууда.

Булардан сырткары, Евразиялык өнүктүрүү банкы жана Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фонду боюнча, билим берүү тармагындагы жемиштүү кызматташуу тууралуу айтылды. Учурда Россиянын ЖОЖдорунда он алты миңден ашуун кыргызстандык студент билим алууда. Алардын жарымы россиялык тараптын эсебинен бюджеттик негизде окутулууда. Ошого катар "Россотрудничество" жана "Евразия" автономдук коммерциялык эмес уюмунун линиясы боюнча өлкөнүн социалдык чөйрөсү үчүн маанилүү болгон көптөгөн биргелешкен долбоорлор бар. Маселен, "Евразия" автономдук коммерциялык эмес уюмунун демилгеси жана толук колдоосу менен август айында борборубузда Кыргызстанда гана эмес, бүткүл Борбордук Азия боюнча эң ири "Евразия" үй-бүлөлүк эс алуу паркы ачылды.

Биз үчүн эң орчундуу болгон миграция чөйрөсүндө дагы талкуу болгону белгиленди. Эч кимге жашыруун эмес, учурда мигранттар чоң көйгөйлөргө тушугуп жатышат. Тоскоолдуктар абдан көбөйдү. Кудай буюрса, мындан ары аларды чечүү маселелери жолго коюлат деген ишенимдебиз. Билдирүүдө Россиянын аймагында мекендештерибиздин мыйзамдуу түрдө болушун камсыз кылууга, аларга татыктуу эмгек шарттарын жана каралган социалдык кепилдиктерди берүүгө эки тараптын тең кызыкдар экени ырасталганы айтылды.



**Кыргызстандын Тышкы иштер министри Жээнбек Кулубаев:**

– Биргелешкен билдирүүгө жана 9 документке кол коюлду. Алар экономика, гуманитардык, укук коргоо, аскердик жана башка тармактарды камтыйт. Мындан тышкары, эки мамлекеттин ортосундагы декларацияга кол коюлду. Бул эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтык жогорку деңгээлде экенин көрсөттү. Эки мамлекеттин ортосундагы байланыштар дагы да кеңейет. Эң башкысы биз стратегиялык өнөктөштүктү, эки тараптуу алаканы мындан ары да чыңдайбыз. Мында соода-экономикалык алакаларды кеңейтүү, биргелешкен инвестицияларды тартуу, КМШ, ЖККУ, ЕАЭБ, БУУ жана башка эл аралык уюмдардын алкагында колдоо көрсөтүү каралат. Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы келечектеги байланыш, кызматташуу мындан ары да жогорулай берет. Ошондой эле мигранттардын каттоосун азайтуу, көзөмөлдөө реестрине түшкөндөрдү чыгаруу боюнча дагы сүйлөшүүлөр болду. Тышкы иштер, Ички иштер министрликтерине тапшырма берилди. Мындан ары да биз бул боюнча активдүү иштейбиз.




**Кыргызстандын Россиядагы мурдагы элчиси Аликбек Жекшенкулов:**

– Россиянын Президенти Владимир Путиндин Кыргызстанга жасаган мамлекеттик сапары эки мамлекеттин кызматташтыгын арттырууда чоң кадам болду. Биринчиден, сапардын алкагында кол коюлган келишимдерди, экинчиден, орус делегациясынын курамын карасак, баары айкын көрүнөт. Мисалы, чечүүчү адамдар келди. Анда Вице-премьер-министр башында турган Ички иштер, Экономикалык өнүгүү министрлери, Борбордук банктын төрайымы, "Росатомдун" башкы директору жана Абрамович баштаган ири бизнес өкүлдөрү бар. Бул Россиянын бизге болгон мамилесин, ак ниетин көрсөтүп турат. Ошондой эле экономика, коопсуздук, билим берүү жаатында болобу, эки өлкөгө пайдалуу болсун деген максатка багыт алганы ачык билинди. Эки Президент кол койгон келишимдерди карасак, коопсуздуктан баштап саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык тармактарда тыгыз кызматташууга басым жасалды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ИШ ЖУМА



## "КУМТӨРДӨН" 1 МЛРД ДОЛЛАРДАН АШЫК КИРЕШЕ ТҮШТҮ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев атайын кызматтын Тоң райондук бөлүмүнүн жаңы имаратынын ачылышында акыркы 5 жыл ичинде "Кумтөр" кени мамлекетке 1 млрд доллардан ашык киреше алып келгенин билдирди. Анын айтымында, Кумтөр буга чейин, тактап айтканда 30 жыл аралыгында болгону 100 млн доллар гана киреше алып келген. "2021-жылдан 2025-жылга чейин, болгону 5 жыл ичинде биз Кумтөрдөн 1 млрд доллардан ашык пайда таптык. Бул сандар мурдагы бийликтин мамлекеттин байлыгын кандай масштабда талап-тоноого жол бергени тууралуу ачык далил. Себеби, түздөн-түз көмөктөшүп, өздөрү дагы кирешинин бир бөлүгүн алып турушкан" деди Ташиев.




## "БОРБОР АЗИЯ – ЕВРОПА БИРИМДИГИ" ФОРУМУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Өзбекстан Республикасынын Ташкент шаарында "Борбор Азия – Европа Биримдиги" үчүнчү экономикалык форумуна катышты. Форумда сөз сүйлөгөн МинКаб Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев, экономика, жашыл энергетика, транспорт, маанилүү кен байлыктары сыяктуу бир катар тармактарда аймактар аралык кызматташуунун чындоонун жана өз ара аракеттенүүнү улантуунун маанилүүлүгүн белгиледи.

Ошондой эле форумдун алкагында МинКаб Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Евробиримдиктин эл аралык өнөктөштүк боюнча комиссары Йозеф Сикела менен жолукту. Жолугушуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасы менен Европа Биримдигинин ортосундагы учурдагы кызматташтыгы сүйлөшүлдү. Анда Бакыт Төрөбаев Кыргызстанда олуттуу долбоорлорду ишке ашырууда Европа Биримдиги жана Европа институттары тарабынан көрсөтүлүп жаткан колдоону жогору баалады.



## ЖАРАТКАН ТИЛСИЗ ЖООДОН САКТАСЫН!

Президент Садыр Жапаров Кытай Эл Республикасынын Төрагасы Си Цзиньпинге көңүл айтуу телеграммасын жөнөттү. Анда: "Кытай Эл Республикасынын Гонконг Атайын административдик районунда болгон өрттүн кесепетинен адамдар каза болду деген суук кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Кыргыз Республикасынын элинин жана жеке өзүмдүн атымдан каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө жана жакындарына аза кайгысын тең бөлүшүп көңүл айтам жана жабыр тарткандардын тез арада сакайып кетишин каалайм" деп айтылды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЖАҢЫЛЫК



## АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН САНАРИПТИК КООПСУЗДУГУ

Кыргызстанда "Гендердик зомбулукка каршы активдүү аракеттердин 16 күнү" эл аралык кампаниясы башталды. Анын ачылышы 25-ноябрда Улуттук тарых музейинде өттү. Иш-чарага Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү, эксперттер катышты.

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов: "Үй-бүлөлүк чыр-чатактар жана зомбулук фактылары боюнча даттануулар уланып келет. Бирок, бул көйгөй күчөдү дегенди билдирбейт. Мурда мындай түрдүү жагдайлар тууралуу унчукпай келсе, бүгүнкү күндө жарандардын аңсезиминин деңгээли өсүп жатат. Адамдар: "мен муну кабыл албайм, каршымын, мен курмандыкка барбайм" дешүүдө. Бардык мамлекеттик органдар аялдарды коргоого күч-аракет жумшашат. Статистика көйгөйдүн өсүшүн эмес, адамдардын зордук-зомбулук жөнүндө билдирүүгө жана акыйкаттыкты издөөгө даярдыгынын өсүшүн чагылдырат", - деди ал.

Аталган өнөктүк жыл сайын 25-ноябрдан 10-декабрга чейин болот. Бул жылы өнөктүк санариптик жана оффлайн-зомбулукка каршы туруу үчүн коомдун бардык секторлорун тартуу, мамлекеттик чараларды күчөтүүгө жана гендердик теңчилик боюнча Улуттук планды ишке ашырууга басым коюлары айтылды.

**"Эркин-Тоо" пресс**

КУРУЛТАЙ – 2025

Курултайдын эки жолку делегаты **Жылдызбек Турганов:**

# "БИР ТОП СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР ЧЕЧИЛДИ"



**– Жылдызбек мырза, жакында Бүткүл Элдик Курултай өтөт. Сиз Курултай институту түзүлгөндөн тарта активдүүлүк көрсөтүп, эки жолу делегат болгонсуз. Азыр эл арасында "Бул институт өзүнүн натыйжасын берип жатабы?" деген собол коюлуп жатат. Жыйындарга катышып жүргөн жаран катары бул суроого кандай жооп айтар элеңиз?**

– Кыргыз элинин тарыхында Курултай институту чоң мааниге ээ болуп, улуттук маселелер чечилген аянтча болгон. Манас бабабыз Курултай чакыртып эң чоң маселелерди чечкендигин билебиз. Убагында Аскар Акаев да бул жолго келүүгө аракет кылды. Курманбек Бакиев да институтту иштетип көрүүгө аракеттенди. Бирок, ал аракеттер тийиштүү деңгээлде ишке ашкан эмес. 2020-жылы гана Садыр Жапаров Курултайдын чыныгы үлгүсү кандай болуусу керектигин көрсөтүп, Конституциялык мыйзам менен бекитип, азыр жыйын жыл сайын туруктуу түрдө өтүп келе жатат. Курултай азыр көзөмөл жана сунуш берүүчү орган катары иштейт. Мен 2-3-Курултайдын делегаты болгонмун. Ошол эки жыйналышта айыл жерлеринде, аймактардагы аткарылбай калган маселелер тууралуу айтылып келди. Президент делегаттардын кайрылууларын өзү угуп, тапшырмаларды берип жатты. Бул эң сонун көрүнүш. Мамлекет Башчыбыз Курултайды эмнеге чакыртты? Дал ушул себеп менен да. Ал элдин арасынан чыккандардан калк арасында кандай жашоо болуп жаткандыгын өзү биринчи булактан уккусу келет жана түздөн-түз маселени чечүү тапшырмасын берүүнү каалайт. Мына быйыл да делегаттарды тандоо жүрдү. Бирок, ачыгын айтканда кээ бир аймактарда активисттер татыктуу талапкерди эмес, өзүнө караштуу адамды шайлап койгон учурлар болууда. Эл дагы тандоолорго активдүү катышпай жатат. Бирөөнүн жакыны делегат болгону адашууга алып барышы мүмкүн.

**– Тандоо жүргүзүү боюнча сиздин кандай сунуштарыңыз бар?**

– Делегаттарды тандоо системасын өзгөртүү керек. Мисалы, 4 Курултай өтсө ошого төртүнчү жолу келгендер бар. Ушул жагына чектөө койсок. Жаңылануу аз болуп жатат. Улуу муунга басым жасалууда. Президентибиз 2 күн ошол жерде аткаруу, мыйзам чыгаруу бийлиги менен кошо келип делегаттарды угат. Бирок, баарына сөз жетпейт. Улуу муундагылар сүйлөбөсүн дебейм бирок, жаштарга да орун берип, алардын да оюн угуу зарыл.

**– Сиз эл алдында кандай маселелерди көтөрдүңүз эле?**

– Өлкөдө дача статусундагы айылдар көп. Алар азыр кадимки айылдарга айланган. Мен Дача СУ боюнча маселе көтөргөм. Президент ошондо Дача СУга өзү барып кетээрин айткан. Ошентип макам берилип, маселе чечилди. Андан тышкары Бишкек шаарындагы Профсоюз көчөсүнүн жасалып бүтүшү боюнча сөз козгогом. Бирок, ал ишке ашкан жок. Новопавловкадагы Алтын-Ордо конушуна автобус киргизүү маселесин көтөргөм. Ал көйгөй дароо чечилди. Мына быйыл да биздин аймактан эки делегат кетип жатат. Алар да баягы эле жол, мектеп сыяктуу маселелерди козгоого даярданышууда. Буйруса, маселелерибиз чечилет деп ойлойм.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## ЖЭБге КАНЧА КӨМҮР КЕРЕКТЕЛЕТ?



Быйыл Бишкек ЖЭБине жалпы 1 400,0 миң тонна көмүр керектелет. Ушу тапта көмүр менен толук камсыздоо иштери жүрүп жатат. 20-ноябрга карата Бишкек ЖЭБинин кампасында 280 миң тонна көмүр жана 4,2 миң тонна мазут бар. Көмүрдүн кору былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл көп, өткөн жылы бул убакытта кампада 242 миң тонна көмүр болгон. Ош шаарынын ЖЭБине жалпы 23,0 миң тонна мазут керектелет, бүгүнкү күндө 20,8 миң тонна камсыздалды, былтыр бул көрсөткүч 12,9 миң тоннаны түзгөн дейт адистер.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САНАРИПТЕШТИРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-июнундагы №103 тескемесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №78 "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жөнүндө жободо:

– 12-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашылган министрдин сунушу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы №55 "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө жободо:

– 17-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17. Министрликте министрдин орун басарларынын кызмат оруңдары каралган, алардын бири министрдин биринчи орун басары болуп саналат. Министрдин орун басарлары министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.

Министрдин орун басарлары түздөн-түз министрге баш иет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Министрликтин ишин уюштурат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы министрдин сунушу жок министрдин орун басарларын ээлеген кызмат ордунан бошотууга укуктуу. Министр жок учурда анын милдеттерин аткаруу министрдин биринчи орун басарына, ал эми ал жок учурда орун басарларынын бирине жүктөлөт.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №249 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө жободо:

– 9, 10-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9. Министрликте министрдин биринчи орун басары, министрдин орун басары – Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык врачы, министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары жана министрдин дарылоо иштери боюнча орун басары кызмат оруңдары түзүлгөн.

10. Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, түздөн-түз министрге баш иет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Министрликтин ишин уюштурат.

Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.

Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары министрдин сунушу жок Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын демилгеси боюнча кызмат ордунан бошотулушу мүмкүн.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №252 "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жөнүндө жободо:

– 11-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашылган министрдин сунушу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат.".

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №258 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Директордун санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш директор тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын санариптик өнүктүрүү боюнча жетекчисинин орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги №221 "Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**9.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июнундагы №308 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги жөнүндө жободо:

– 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3-пунктча менен толукталсын:

"3) Кыргыз Республикасын санариптик трансформациялоо процессинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын ишин тармактар аралык жана ведомстволор аралык координациялоону ишке ашыруучу.";

– 12-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервин түзөт (коргоо, коомдук тартипти камсыз кылуу жана улуттук коопсуздук маселелерин тейлеген мамлекеттик органдардын жетекчилеринин орун басарларынан тышкары).";

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$, $21^2$-пунктчалар менен толукталсын:

"$21^1$) мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын (коргоо, коомдук тартипти камсыз кылуу жана улуттук коопсуздук маселелерин тейлеген мамлекеттик органдардын жетекчилеринин орун басарларынан тышкары) дайындоо үчүн сунуш киргизүүгө макулдук берет;

$21^2$) мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын (коргоо, коомдук тартипти камсыз кылуу жана улуттук коопсуздук маселелерин тейлеген мамлекеттик органдардын жетекчилеринин орун басарларынан тышкары) кызмат ордунан бошотуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу;".

**10.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №390 "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**11.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №391 "Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жөнүндө жободо:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Министрдин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарын дайындоого сунуш министр тарабынан электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен киргизилет.".

**12.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 21-ноябры, №748*

## 2025-ЖЫЛДЫН 22-АВГУСТУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ ҮЧҮН КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО ЖААТЫНДАГЫ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду жүргүзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 22-августунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы үчүн кадрларды даярдоо жаатындагы тиркелген макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашууну ишке ашырууга жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө казак тарапка кабарласын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 21-ноябры, №749*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 24-ИЮЛУНДАГЫ №395 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК МААЛЫМАТТАРДЫ КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН ЖАНА КОДДООНУН БИРДИКТҮҮ СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Стандартташтыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-июлундагы №395 "Кыргыз Республикасынын техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтарды классификациялоонун жана коддоонун бирдиктүү системасы жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Иштеп чыгууга, жүргүзүүгө, актуалдаштырууга, колдонууга жана жокко чыгарууга тийиш болгон техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтын мамлекеттик классификаторлорунун тизмеги 2-тиркемеге ылайык.";

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси бул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 21-ноябры, №750*

## КАМСЫЗДАНДЫРУУ (КАЙРА КАМСЫЗДАНДЫРУУ) УЮМУН ЫКТЫЯРДУУ ЖОЮУГА ЖЕ КАЙРА УЮШТУРУУГА МАКУЛДУК БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

"Камсыздандыруу жана камсыздандыруу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 72-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмун ыктыярдуу жоюуга же кайра уюштурууга макулдук берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-ноябры, №757***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 12-АВГУСТУНДАГЫ №449 "ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУ УКУГУНА ЛИЦЕНЗИЯЛАРДЫ КАРМОО ҮЧҮН ЖЫЙЫМДЫН СТАВКАЛАРЫН ЖАНА ЖЫЙЫМДЫ ЭСЕПТӨӨ, ТӨЛӨӨ ЖАНА ЖЫЙЫМ БОЮНЧА КАРЫЗДЫ ӨНДҮРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 14, 16, 22, 26, 29 жана 39-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдын ставкаларын жана жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымды эсептөө, төлөө жана жыйым боюнча карызды өндүрүү тартиби ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып бир айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына 2025-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымды төлөөчүлөрдүн тизмесин сальдону (ашыкча төлөмүн, карызын) жана 2025-жыл үчүн милдеттенмелеринин суммасын көрсөтүү менен берсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-ноябры, №758***

МЫЙЗАМ БААРЫНА БИРДЕЙ

## МАМЛЕКЕТТИН МЕНЧИГИНЕ КАЙТАРЫЛДЫ

**«Мыйзамсыз менчиктештирилип кеткен жерлерди мамлекетке жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына кайтаруу боюнча» Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын приоритеттүү багыттарынын бири, мыйзамсыз менчиктештирилген жерлерди мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына кайтаруу болуп саналат.**

Манас шаарынын прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык менчик жөнүндө Мыйзамдардын талаптарынын аткарылышы боюнча текшерүү иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен төмөндөгүлөр аныкталган.

Тактап айтканда, Жалал-Абад шаардык Эл депутаттарынын кеңешинин Президиумунун 23.07.1991-жылдагы токтомунун, Жалал-Абад шаардык мэриясынын 12.07.2006-жылдагы токтомунун жана сатып алуу-сатуу келишиминин негизинде Манас шаарынын Манас көчөсүнүн 42 «В» дареги боюнча жайгашкан 1012,0 чарчы метр өлчөмүндөгү «Курманбек» стадионунун аймагындагы **10 252 000** сомго бааланган жер участогу мыйзамсыз жеке менчикке сатылып кеткени аныкталган.

Манас шаарынын прокуратурасы тарабынан Жалал-Абад облусунун административдик сотуна доо арыз келтирилип, анын чечиминин негизинде жогоруда аталган токтомдор жараксыз деп табылып, шаардык прокуратуранын сунушунун негизинде жер аянты Манас шаардык мэриясынын балансына кайтарылган. Ошону менен бирге Жалал-Абад шаарынын Эркиндик көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 254,0 м² жер тилкеси мыйзамсыз жеке менчикке сатылып, жеке жактар тарабынан кафе курулуп, колдонулуп келгени маалым болгон.

Манас шаарынын прокуратурасынын сунушунун негизинде **21 311 000 сомго** бааланган Жалал-Абад шаарынын Эркиндик көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 254,0 м² болгон жер тилкеси жана анын үстүндө жайгашкан кафе Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин балансына кайтарылган. Бул багытта иштер уланууда.

**Б.Абдыллаев, Манас шаарынын прокурорунун жардамчысы**

КЫРГЫЗ БАНКЫ

УЛУТТУК БАНКТЫН КЕЗЕКТЕГИ МААНИЛҮҮ ЧЕЧИМИ




# ЭСЕПТИК ЧЕН 11,00 ПАЙЫЗГА ЧЕЙИН ЖОГОРУЛАТЫЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 24-ноябрда жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө жаңыдан кабыл алынган эсептик чен жөнүндө пресс-конференция өткөрдү. Пресс-конференциянын катышуучуларына КР Улуттук банктын төрагасынын орун басары Азат Айбекович Козубеков төмөндөгүдөй маалымат берди.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2025-жылдын 24-ноябрында эсептик ченди (негизги ченди) 100 базистик пунтка 11,00 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды. Бул чечим 2025-жылдын 25-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли 2025-жылдын башталышынан тартып 7,3 пайызды, жылдык мааниде 8,9 пайызды түздү. Учурда өлкөдөгү баа динамикасы тышкы экономикалык шарттардын таасиринде калыптанууда, алардын ички бааларга болгон таасири олуттуу бойдон калууда. Азык-түлүккө болгон дүйнөлүк баалар өсүүдө, ал эми региондогу өлкөлөрдө инфляция жогору бойдон калууда. Бул факторлор өлкөгө импорттолгон товарлардын баасына таасир берүүдө. Учурдагы инфляциянын түзүмүндө, негизинен импорттолуучу күйүүчү-майлоочу материалдардын наркынын, электр энергиясына тарифтердин жогорулашы, ички керектөөнүн көбөйүшү жана бул факторлордун кыйыр таасири эсебинен азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жогорулашында байкалууда. Ал эми азык-түлүк товарларына баалар салыштырмалуу орточо өсүш динамикасын көрсөтүүдө.

Өлкөдө экономикалык жигердүүлүк жогору бойдон сакталууда. 2025-жылдын январь-октябрь айларында реалдуу ИДӨ туруктуу керектөө суроо-талабына жана инвестициялык жигердүүлүктүн өсүшүнө байланыштуу 10 пайызга жогорулаган. ИДӨнүн өсүшүнө кызмат көрсөтүүлөр (+4,5 п.п.), курулуш (+2,0 п.п.) жана өнөр жай (+1,6 п.п.) сектору салымын кошууда. Ал эми ички суроо-талаптын жогору болушу реалдуу эмгек акыларынын өсүшү, акча которуулардын өлкөгө агылып кирүүсү жана керектөө кредиттеринин көбөйүшү менен шартталган. Курулуш секторуна колдоо көрсөткөн ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициялардын өсүшү байкалууда.

Учурдагы акча-кредит шарттары инфляцияны орто мөөнөттүү көрсөткүчкө – 5-7 пайызга кайтарууга багытталган. BIR банктар аралык эталондук пайыздык чени Улуттук банктын пайыздык коридорунун төмөнкү чегине жакын калыптанууда, бул банк секторундагы ликвиддүүлүктүн жогору профицитин билдирет. Ички валюта рыногунда туруктуулук сакталып турат: чет өлкө валютасына суроо-талап менен сунуштоонун катышы тең салмактуу бойдон сакталып калууда. Улуттук банктын эл аралык резервдеринин көбөйүшү тышкы чөйрөдө белгисиздик жагдайы орун алган шартта тышкы таасирлерге кошумча туруктуулукту камсыз кылат.

Банк сектору туруктуу жана жогорку ликвиддүүлүккө ээ болуу менен бирге экономиканы кредиттөө үчүн жетиштүү потенциалды камсыз кылууда. 2025-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча банктардын кредит портфелинин көлөмү 35,2 пайызга, ал эми депозиттик базасы 35,7 пайызга көбөйгөн. Банктардын улуттук валютадагы депозиттеринин өсүшү калктын реалдуу кирешелеринин көбөйүшүн жана монетардык шарттардын катуулатуусунан улам калктын акча топтоо жөндөмүнүн күчөшүн чагылдырат. Жалпысынан алганда, банк сектору депозиттердин долларлашуу деңгээлинин 35,0 пайызга (жыл башынан тартып -7,9 п. п.) жана кредиттердин 17,8 пайызга чейин акырындык менен төмөндөшүн көрсөтүүдө (жыл башынан тартып -2,3 п.п.).

Региондогу энергоресурстарга баанын өзгөрүлмөлүүлүгү, азык-түлүккө болгон дүйнөлүк баалардын жогорулашы жана Кыргызстандын негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө байкалган инфляциялык басым импорттолуучу товарлардын бааларына басымын улантууда. Бул факторлор жакынкы келечекте инфляцияга түрткү берүүчү факторлордун үстөмдүк кылуу ыктымалдыгын көрсөтүп, акча-кредит шарттарынын учурдагы күчөтүү зарылдыгын шарттайт. Ошол эле учурда, инфляциянын ички факторлору салыштырмалуу орточо жана башкарылуучу бойдон калууда. Бул шарттарда Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү 11,00 пайыз деңгээлине чейин жогорулаган. Кабыл алынган чечим орто мөөнөттүү келечекте баа динамикасын 5-7 пайыз максаттуу диапазондо калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Улуттук банк акча-кредит саясатын жүргүзүүдө салмактуу ыкмага таянып, инфляциянын түптөлүп жаткан тышкы жана ички факторлоруна баа берүүнү улантууда. Баанын туруктуулугу үчүн кандайдыр бир тобокелдиктер келип чыккан шартта, Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүүнү жокко чыгарбайт.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү боюнча кийинки пландык отуруму 2026-жылдын 26-январында өтөт.

Мындай билдирүүдөн кийин Улуттук банктын төрагасы ж.б. жоопттуу кызмат адамдары журналисттердин берген суроолоруна жооп беришти.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 8-АВГУСТУНДАГЫ №454 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУНАН ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУ БОЮНЧА ЖҮРҮҮ ҮЧҮН БЕЛГИЛЕНГЕН ЧЕНЕМДЕН АШКАН ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН МАКСИМАЛДУУ ӨЛЧӨМДӨРҮН ЖАНА БАШКА ЛИНИЯЛЫК ПАРАМЕТРЛЕРИН ТАРАЗАЛООДО ЖАНА ӨЛЧӨӨДӨ ЖЫЙЫМДАРДЫ АЛУУ ТАРТИБИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУНАН АТАЙЫН ЖАНА БӨЛҮНБӨС ЖҮГҮ БАР ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ӨТКӨРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮДӨ ЖЫЙЫМДАРДЫ АЛУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын автотранспортун, курулуш машиналарын жана механизмдерин натыйжалуу пайдалануу, сугат суу менен камсыз кылуу, суу чарба объекттеринде өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин алдын алуу жана жоюу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-августундагы №454 "Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан транспорттук каражаттарды өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген ченемден ашкан транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоодо жана өлчөөдө жыйымдарды алуу тартибин жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан атайын жана бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Оор салмактагы жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражаттарынын, атайын транспорт каражаттарынын автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмүн белгилөөнүн жана ордун толтуруунун тартибинде:

– 12-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын, ошондой эле анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 24-ноябры, №751*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ №205 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУНУН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИНИН ТЕХНИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 11-апрелиндеги №205 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин техникалык өзгөчөлүгүн бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин техникалык өзгөчөлүгүндө:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин техникалык өзгөчөлүгүнүн 5-тиркемесинде:

– биринчи абзацта "күмүш" деген сөз "алтын" деген сөзгө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 24-ноябры, №753*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 17-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №99 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Айрым стратегиялык объекттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын стратегиялык объектилери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-февралындагы №99 "Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегинде:

– "А" категориясы (өтө маанилүү объектилер)" бөлүмүнүн "Экономика үчүн мааниси бар объектилер жана жогорку коопсуулуктагы объектилер" графасы төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

"4. "Учкун" ААК.";

– "Б" категориясы (маанилүү объектилер)" бөлүмүнүн "Экономика үчүн мааниси бар объектилер жана жогорку коопсуулуктагы объектилер" графасынын 15-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 25-ноябры, №754*

## СЕЗОНДУК ЖУМУШТАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 170-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Сезондук жумуштардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

46. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы же катчысы бузулган (жокко чыгарылган) бюллетендерди кайра эсептейт, бул жөнүндө акт түзүлөт. Бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендери саналат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жана комиссия мүчөлөрүнүн кол тамгалары менен бекитиле турган пакетке таңгакталат. Пакетке "Жокко чыгарылган шайлоо бюллетендери" деген жазуу жазылып, алардын саны жана шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт.

47. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз саноонун алдында шайлоочуларды, анын ичинде аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендерди каттоого жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоочулардын, анын ичинде аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендердин тизмесинин ар бир бетине тиешелүү жалпы маалыматтарды киргизүүгө милдеттүү.

Жалпы маалыматтар киргизилгенден кийин шайлоочулардын тизмесинин жана аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендердин тизмесинин ар бир бетине участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү кол тамга коёт, андан соң бардык маалыматтарды кошуп, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына өткөрүп берет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы шайлоочулардын тизмесинин жана аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендердин тизмесинин акыркы бетине бардык беттер боюнча маалыматтардын жыйындысы катары аныкталуучу жыйынтыктоочу маалыматтарды киргизип, аларды өзүнүн кол тамгасы жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрөт. Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын, анын ичинде аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендердин саны белгиленген формадагы шайлоо бюллетендерин алгандыгы тууралуу шайлоочулардын кол тамгаларынын саны боюнча аныкталат.

Шайлоочуларга, анын ичинде аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендерге берилген шайлоо бюллетендеринин саны чектерди саноо жолу менен кошумча текшерилет.

Шайлоочулардын, анын ичинде аралыктан добуш берүү аркылуу добуш бергендердин тизмеси менен иш жүргүзгөндөн кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы катышып отургандарга аны менен көрүп таанышууну сунуш кылат. Андан кийин тизмелер сейфке (шкафка) салынат.

48. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендерин саноого киришет. Комиссиянын төрагасы же катчысы пломбалардын, мөөрлөрдүн жана көчмө үкөктөрдү мөөрлөп чаптоого катышкан адамдардын жана комиссия мүчөлөрүнүн кол тамгаларынын сакталышын көрсөтөт. Андан кийин добуш берүү үчүн көчмө үкөктөр кезеги менен ачылып, шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана көчмө шайлоо үкөктөрүн мөөрлөп чаптоого катышкан адамдардын кол тамгалары коюлган контролдук барактар алынат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы контролдук барактарды көрсөтөт.

Ар бир добуш берүү үчүн көчмө үкөктү ачуунун алдында ошол добуш берүү үчүн көчмө үкөктү пайдалануу менен добуш берген шайлоочулардын жана берилген чектердин саны жарыяланат. Ар бир добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендерин саноо өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

Көчмө үкөктөрдөн алынган бардык шайлоо бюллетендери автоматтык эсептөөчү урнага ташталат.

Эгерде добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендеринин саны алынган шайлоо бюллетендеринин жана берилген чектердин саны жөнүндө белгини камтыган шайлоочулардын арыздарынын санынан көп экендиги аныктал-

(Уландысы 10-бетте)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо комиссияларынын добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө ЖОБО

(Башталышы 9-бетте)

са, ошол добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү бардык шайлоо бюллетендери участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп таанылат жана төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен жокко чыгарылат, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүнү өткөрүүнү камсыз кылуучу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аты-жөнү көрсөтүлө турган добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет. Бул жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө таңгакталат жана мөөрлөнүп чапталат, мында пакетте шайлоо участогунун номери, үкөктүн номери, шайлоо бюллетендеринин саны көрсөтүлөт жана "Добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынган жараксыз шайлоо бюллетендери" деген жазуу жазылат.

Добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынган жараксыз шайлоо бюллетендери жана маалыматтар жыйынтыктоочу протоколдун тиешелүү графасына жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Көчмө үкөктөрдөн алынган жарактуу шайлоо бюллетендери автоматтык эсептөөчү урналар аркылуу өткөрүлөт.

49. Белгиленбеген формадагы шайлоо бюллетендери добуштарды саноодо эсепке алынбайт. Мазмуну жана (же) формасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген шайлоо бюллетенинин текстине жана формасына дал келбеген шайлоо бюллетендери белгиленбеген формадагы шайлоо бюллетендери деп таанылат.

50. Автоматтык эсептөөчү урна добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жөнүндө отчетту түзөт жана берет, анда иштелип чыккан бюллетендердин саны, ошондой эле шайлоочулардын добуштарынын жалпы мааниси, аралыктан добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны, ар бир талапкер жана "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген добуштар көрсөтүлөт.

Автоматтык эсептөөчү урналар добуш берүүнүн бүткүл мезгилинде добуш берүүнүн жашыруундугунун ачылышына жол бербөөгө жана зымдуу жана зымсыз тарамдарга туташтырылбоого тийиш. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды автоматтык эсептөөчү урналардан чыгаруу участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан саат 20:00дөн кийин, бирок добуш берүү күнү саат 23:00дөн кечиктирилбестен жүзөгө ашырылат.

Мөөр менен күбөлөндүрүлгөн автоматтык эсептөөчү урнанын отчёттору, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчёттор добуш берүү үчүн жайда турган талапкерлердин бардык өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет.

Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө автоматтык эсептөөчү урнанын жыйынтыктоочу отчёттору кагаз түрүндө добуштарды саноодо катышкандардын баарына берилет, бул отчёттор юридикалык күчкө ээ болбогон алдын ала маалымат болуп саналат.

Байланыш менен байланышкан көйгөйлөрдөн улам автоматтык эсептөөчү урнадан маалыматтарды берүү мүмкүн болбогон учурда участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү акт түзөт жана маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясынын серверине өткөрүп берүү округдук, аймактык шайлоо комиссиясында талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда жүргүзүлөт.

51. Шайлоо бюллетендери автоматтык эсептөөчү урналардан алынгандан кийин саналат, ал эми натыйжалары добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго киргизилет.

Автоматтык эсептөөчү урналардан алынган шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санына дал келүүгө же андан аз болууга тийиш. Эгерде добуш берүү үчүн урнада шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан көп болсо, анда участкалык шайлоо комиссиясы себептерин табуу жана четтетүү боюнча чараларды көрөт.

Эгерде себептер аныкталгандан жана четтетилгенден кийин автоматтык эсептөөчү урнадагы жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан ашып кетсе, бул учурда ошол урнадагы бардык бюллетендер участкалык шайлоо комиссиясынын чечими боюнча жараксыз деп таанылат жана төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен жок кылынууга тийиш.

52. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо добуштарды саноодо участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү автоматтык эсептөөчү урналардан алынган шайлоо бюллетендерин төмөнкү тартипте иргешет:

1. Адегенде – шайлоо округдары боюнча.
2. Андан кийин ар бир таңгак – ар бир талапкер үчүн жана "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген добуштар боюнча.
3. Ошол эле учурда белгиленбеген формадагы бюллетендер жана жараксыз шайлоо бюллетендери бөлүнүп алынат.

Иргөө процессинде участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү бюллетендерде камтылган шайлоочулардын белгилерин жарыялашат жана саноодо катышып отургандардын бардыгына көрүп контролдоо үчүн шайлоо бюллетендерин беришет.

Талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар иргелген шайлоо бюллетендери менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролдугу астында таанышууга укуктуу.

53. Жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө саналат жана кошулат. Жараксыз шайлоо бюллетендерине шайлоочунун эркин билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбогон бюллетендер кирет.

Бюллетендин жарактуулугуна же жараксыздыгына карата шектенүүлөр пайда болгон учурда участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү жолу менен чечим кабыл алат. Бюллетендин арткы бетинде анын жарактуу же жараксыз деп таанылышынын себептери көрсөтүлөт. Жазуу участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана катчысынын кол тамгалары менен ырасталат, комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт жана тиешелүү акт менен тариздолет.

Жараксыз шайлоо бюллетендеринин жалпы саны добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

54. Президентти шайлоодо белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча шайлоочулардын добуштарын саноо ар бир талапкер боюнча жана "Баарына каршы" позициясы боюнча өз-өзүнчө жүргүзүлөт. Иргелген шайлоо бюллетендерин саноо аларды бир таңгактан экинчисине бирден алып коюу жолу менен тоскоолдук жаратпаган аралыкта жана тартипте саноого катышкан адамдар саноону уга алгыдай жана шайлоо бюллетениндеги шайлоочунун белгисин көрө алгыдай үн чыгарып жүзөгө ашырылат. Ар башка таңгактардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Ар бир талапкер жана "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген шайлоо бюллетендериндеги шайлоочулардын тиешелүү белгилери (добуштары) боюнча аныкталуучу алынган маалыматтар добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүү колдонулган учурда шайлоочулардын добуштарын саноо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоо тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

55. Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо белгиленген формадагы депутаттыкка талапкерлер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарын саноо ар бир талапкер боюнча жана "Баарына каршы" позициясы боюнча өз-өзүнчө жүргүзүлөт. Иргелген шайлоо бюллетендерин саноо аларды бир таңгактан экинчисине бирден алып коюу жолу менен тоскоолдук жаратпаган аралыкта жана тартипте саноого катышкан адамдар саноону уга алгыдай жана шайлоо бюллетениндеги шайлоочунун белгисин көрө алгыдай үн чыгарып жүзөгө ашырылат. Ар башка таңгактардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Ар бир талапкер жана "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген шайлоо бюллетендериндеги шайлоочулардын тиешелүү белгилери (добуштары) боюнча аныкталуучу алынган маалыматтар добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

56.  Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүдө бюллетендерди саноо белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча ар бир шайлоо округу боюнча өз-өзүнчө жүргүзүлөт. Андан кийин округдар боюнча иргелген бюллетендер ар бир талапкер боюнча жана "Баарына каршы" позициясы боюнча өз-өзүнчө саналат.

Саноо бюллетендерди бир таңгактан экинчисине бирден алып коюу жолу менен саноодо катышкандардын баары шайлоочунун белгисин көрө алгыдай жана жыйынтыгын уга алгыдай үн чыгарып жүзөгө ашырылат. Ар башка таңгактардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Ар бир округ жана "Баарына каршы" позициясы боюнча шайлоо бюллетендерин саноонун жыйынтыктары боюнча алынган маалыматтар жарыяланат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго киргизилет.

57. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоочулардын эркти билдирүүнү белгилөөгө мүмкүндүк берген белгилери боюнча аныктала турган жарактуу шайлоо бюллетендеринин санын санайт, жарыялайт жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизет.

58. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуштарды саноодо катышып отурган бардык адамдарга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролдугу астында шайлоо бюллетендери менен көрүп таанышууну сунуш кылат. Автоматтык эсептөөчү урнанын маалыматтары боюнча шайлоочулардын добуштарын кол менен саноонун жыйынтыктары менен добуш берүүнүн жыйынтыктары дал келбей калган учурда талапкердин өкүлүнүн же байкоочунун талабы боюнча добуштарды кайра саноо жүргүзүлөт. Шайлоо бюллетендери талапкердин өкүлү же байкоочу түздөн-түз катышканда жана алар тараптан көрүп көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү берилгенде кайра саналат. Мында шайлоо бюллетендерин кайра саноо үн чыгарып жүргүзүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен саноонун натыйжалары боюнча белгиленет.

59. Андан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартипке ылайык, аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду кошуп алганда, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго киргизилген маалыматтардын контролдук өз ара катышын текшерүү жүргүзүлөт.

60. Добуштарды саноо жүргүзүлгөндөн кийин участкалык шайлоо комиссиясы милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу жыйын өткөрөт, анда добуш берүүдө жана шайлоочулардын добуштарын саноодогу бузуулар жөнүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) каралып, ар бир арыз (даттануу) боюнча чечимдер кабыл алынат. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана участкалык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимдерге макул болгон арыз ээлери тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйынынын протоколуна кол тамга коюлат. Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйынынын протоколуна кол тамга коюуда протоколдун мазмунуна макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор түзүлгөндөн кийин иргелген шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, шайлоочулардын идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чектер өзүнчө пакеттерге таңгакталат, аларда шайлоо участогунун/округунун номери жана алардын мазмуну көрсөтүлөт. Талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда пакеттер мөөрлөнүп чапталат, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан кол тамга коюлат жана өзүнчө капка же кутуга салынат. Капта же кутуда шайлоо участогунун номери жана анын ичиндеги документтердин тизмеси көрсөтүлөт. Кап же куту участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, ошондой эле катышып отурган талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын кол тамгаларын коюу менен мөөрлөнүп чапталат.

Аралыктан добуш берүү боюнча таңгактоо жол-жобосу ошол эле тартипте, шайлоо участогун/округун көрсөтүү менен, өзүнчө капта же кутуда жүргүзүлөт.

Пакет, кап же куту жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими боюнча гана ачылышы мүмкүн.

61. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол жана Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен форма боюнча аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол эки нускада толтурулат жана ага кол тамга коюлган күнүн жана убактысын (саатын, мүнөтүн) жазып коюу менен катышып отурган участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан кол тамга коюлат. Эгерде протоколго участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү кол тамга койсо, ал жарактуу болуп саналат. Протоколго кол тамга коюуда протоколдун мазмунуна макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү протоколго өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

Автоматтык эсептөөчү урна тарабынан берилген добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарынын отчёту жана шайлоо участогунда шайлоочулардын идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө отчёт бюллетендерди кол менен саноонун негизинде участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана ага катышып отурган участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан кол тамга коюлат.

62. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго кол тамга коюлгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары катышып отурган бардык талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн алдында токтоосуз түрдө жарыяланат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жарыялангандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор, аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоочуларды идентификациялоо жөнүндө баштапкы, жыйынтыктоочу чектер жана автоматтык эсептөөчү урналар Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине автоматтык эсептөөчү урналар аркылуу сканерлөө жолу менен жиберилет.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор жаңылыш толтурулган учурда комиссия тиешелүү акт түзөт, ал ошондой эле сканерден өткөрүлөт жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жаңы толтурулган жана кол тамга коюлган протокол менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине жөнөтүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине келип түшкөн сканерленген документтер протоколдордун туура толтурулушунун шайкештиги текшерилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтына жарыяланат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун биринчи нускасы ага кол тамга коюлгандан кийин шайлоо документтери, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын отчёттору, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчёттор менен бирге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан талапкерлердин өкүлдөрүнүн коштоосунда токтоосуз түрдө округдук, аймактык шайлоо комиссиясына жеткирилет.

Тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталуучу алыскы жерлерде жайгашкан шайлоо участокторунун участкалык шайлоо комиссиялары көрсөтүлгөн документтерди Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген мөөнөттө жеткирүүнү жүзөгө ашырат.

Чет мамлекеттердин аймагында жайгашкан шайлоо участокторунун участкалык шайлоо комиссиялары көрсөтүлгөн документтерди дипломатиялык каналдар аркылуу тиешелүү округдук/аймактык шайлоо комиссиясына 7 календардык күндөн кечиктирбестен жеткирүүнү жүзөгө ашырышат.

Көрсөтүлгөн документтерди жеткирүүгө тоскоолдук кылган форс-мажордук жагдайлар келип чыккан учурда Борбордук шайлоо комиссиясы жеткирүү мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

63. Протоколдун экинчи нускасы, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү участкалык шайлоо комиссиясынын катчысында сакталат, ал комиссиянын иши аяктаганга чейин алардын аныктыгы жана сакталышы үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартат.

64. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн участкалык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинет жана участкалык шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

65. Добуштарды саноого катышкан ар бир адамга участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго кол тамга коюлгандан кийин токтоосуз түрдө алардын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү.

66. Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси добуш берүү күнүнөн кийин 7 календардык күндөн кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтына жарыяланат.

### 9. Округдук, аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан тиешелүү аймактарда добуш берүүнүн жыйынтыктарынын белгилениши

67. Округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы шайлоо документтерин кабыл алууну уюштурат, ошондой эле аларды кабыл алуу жана сактоо үчүн жерди жана жайды аныктайт.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы же участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын тутумдук администраторуна

автоматтык эсептөөчү урналарды, принтери бар идентификациялоочу түзүлүштү жана башка жабдууларды тапшырат.

Участкалык шайлоо комиссиялары округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мүчөсүнө добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун биринчи нускаларын төмөнкү шайлоо документтери менен бирге тапшырат:

– автоматтык эсептөөчү урнанын баштапкы жана жыйынтыктоочу отчёттору;

– жайдан тышкары добуш берүүнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчёттор;

– добуш берүү күнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчёттор;

– актылар;

– реестрлер;

– участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйынын протоколу;

– арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, актылар.

Ошондой эле округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү ар бир Президенттин кызмат ордуна талапкер боюнча, ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер жана "Баарына каршы" позициясы боюнча иргелген шайлоо бюллетендери, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн чечими менен жараксыз деп тааныган өзүнчө таңгактарга таңгакталган шайлоо бюллетендерин, бузулган бюллетендердин ордуна берилген шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмесин, оператор тарабынан берилген идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чектерди кабыл алат.

Округдук шайлоо комиссияларындагы тутумдук администраторлор өздөрүнүн округдук аймагынан тышкары туруп, Борбордук шайлоо комиссиясынын тутумунан участкалык шайлоо комиссияларынын аралыктан добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө электрондук протоколдорун басып чыгарышат жана аларды жалпылоо үчүн округдук шайлоо комиссиясынын төрагасына өткөрүп беришет.

68. Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууну округдук, аймактык шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен жүзөгө ашырат. Тиешелүү округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын протоколдорду кабыл алуусу жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруусу Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун туура түзүлгөндүгүн алдын ала текшергенден кийин округдук, аймактык шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу жолу менен тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарат. Округдук, аймактык шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан түзүлгөн протоколдордун маалыматтарын автоматтык эсептөөчү урналардын протоколдорунун маалыматтары менен салыштырып текшерет. Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча округдук, аймактык шайлоо комиссиясы жыйынды таблицаны жана протоколду түзөт, ага участкалык шайлоо комиссияларынын саны, келип түшкөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун саны, ошондой эле участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун жалпы маалыматтары киргизилет.

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго кол тамга коюунун алдында округдук, аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу жыйын өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо жана участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүү менен байланышкан арыздар (даттануулар) каралат.

Шайлоо комиссиясы ар бир арыз (даттануу) боюнча чечимдерди комиссия мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана шайлоо комиссиясы келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча кабыл алган чечимдерге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйынынын протоколуна кол тамга коюшат. Округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйынынын протоколуна кол тамга коюуда протоколдун мазмунуна макул болбогон шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол тамга коюшат.

69. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор эки нускада түзүлөт жана аларга округдук, катышып отурган аймактык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү кол тамга коюшат. Протоколдорго тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө эки нускада түзүлгөн жыйынды таблица, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери, ошондой эле келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

70. Шайлоо комиссиясынын протоколдорунун биринчи нускасы кол тамга коюлгандан кийин токтоосуз түрдө жыйынды таблицанын биринчи нускалары менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

71. Протоколдордун экинчи нускасы бардык шайлоо документтери менен бирге округдук, аймактык комиссиянын катчысы тарабынан архивге өткөрүп берилгенге чейин күзөтүлгөн жайда сакталат.

72. Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун чоңойтулган формасы жалпы таанышуу үчүн округдук, аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинет жана шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

73. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда каталар, шайкеш эместиктер айкындалганда же округдук, аймактык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына шектенүүлөр пайда болгондо Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо комиссиясынын добуштарды кайталап саноону жүргүзүүсү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кайталап саноо Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү түрдө катышуусунда жүргүзүлөт. Добуштарды кайталап саноого талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар катышууга укуктуу. Шайлоочулардын добуштарын кайталап саноонун жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссиясы "Добуштарды кайталап саноо" деген белги менен добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт.

74. Добуштарды саноого катышкан ар бир адамга округдук, аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол тамга коюлгандан кийин токтоосуз түрдө анын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

75. Округдук, аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участогундагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу:

1) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын аныктоо учурунда добуш берүүнүн жыйынтыгын так аныктоого мүмкүндүк бербеген бузуулар болгон болсо;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоо учурунда шайлоочулардын эркине таасир эткен бузуулар болгон болсо;

3) жогору турган шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) соттун чечими боюнча;

5) автоматтык эсептөөчү урналардагы шайлоо бюллетендери жараксыз деп таанылса.

Шайлоо участогундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган учурда шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Бир же бир нече шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылып, шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизген учурда ошол шайлоо участокторунда кайра добуш берүү тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан кайра добуш берүү дайындалган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө жүргүзүлөт.

76. Эгерде шайлоону даярдоо, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоо убагында талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын так аныктоого мүмкүндүк бербеген же шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлер боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу.

Шайлоо мыйзамдарын бузууну белгилөөнүн натыйжасында добуш берүү күнүнөн кийин талапкер, талапкерлер боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылган учурда талапкер, талапкерлер үчүн берилген шайлоочулардын добуштары шайлоо бюллетендерин жараксыз деп таануу менен жараксыз деп таанылат. Мындай талапкерге, саясий партияга кайра шайлоого жол берилбейт.

### 10. Шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби

77. Шайлоонун натыйжаларын Борбордук шайлоо комиссиясы округдук, аймактык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен добуш берүү күнүнөн тартып 20 календардык күндөн кечиктирбестен аныктайт.

Шайлоонун жыйынтыктары конституциялык Мыйзамга ылайык аныкталат.

Борбордук шайлоо комиссиясы милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу жыйын өткөрөт, анда бардык келип түшкөн шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү бузуулар жөнүндө арыздарды (даттанууларды) карап, ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алат.

78. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо:

Участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде аймактык шайлоо комиссиялары өздөрүнүн жыйындарында өздөрүнүн аймактарында Президентти шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарышат жана документтерди токтоосуз түрдө Борбордук шайлоо комиссиясына беришет.

Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнөн кийин 20 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен Президентти шайлоонун натыйжаларын аныктайт. Эгерде добуш берүүнүн жыйынтыктары конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттанылса, бул учурда шайлоонун натыйжаларын аныктоо алар сот тарабынан биротоло каралганга чейин токтотула турат.

Добуш берүүнүн биринчи турунда шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн алган талапкер Президенттин кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

Эгерде шайлоо бюллетенине Президенттин кызмат ордуна экиден ашык талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбай калса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын эң көп сандагы добушун алган эки талапкер боюнча кайра добуш берүүнү дайындайт.

Кайра добуш берүү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 күндүк мөөнөттүн ичинде конституциялык Мыйзамдын талаптарын сактоо менен өткөрүлөт. Кайра добуш берүү күнү жөнүндө билдирүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

Эгерде кайра добуш берүү өткөрүлгөнгө чейин Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин бири чыгып кетсе, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча жалпы шайлоодо алгачкы жолу кайра добуш берүү дайындалган талапкерлерден кийин шайлоочулардын кыйла көп добушун алган талапкер кайра добуш берүүнү өткөрүү үчүн экинчи талапкер деп таанылат. Эгерде башка талапкерлер калбаса, бул учурда шайлоо бир талапкер боюнча өткөрүлөт.

Кайра добуш берүүдө шайлоочулардын добуштарынын көпчүлүк санын алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Шайлоо жараксыз деп таанылган учурда, ошондой эле эгерде шайлоо бюллетенине эки талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбаса же болбосо кайра добуш берүүдө бир дагы талапкер шайланбаса, Жогорку Кеңеш бир айдын ичинде Президентти кайра шайлоону дайындайт.

Кайра шайлоо конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

Кайра шайлоо өткөрүү жөнүндө билдирүү тиешелүү чечим кабыл алынгандан кийин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

79. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо:

Борбордук шайлоо комиссиясы округдук шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде бүтүндөй республика боюнча көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоонун натыйжаларын аныктайт. Натыйжаларды аныктоо тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ар бир талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштары жөнүндө протоколдордо камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен жүргүзүлөт.

Тиешелүү шайлоо округунун шайлоочуларынын добуштарынын көпчүлүк санын алган добуш берүүгө катышкан үч талапкер көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланды деп таанылат.

Талапкерлер алган добуштардын саны тең болгон учурда датасы жана убактысы боюнча каттоо үчүн документтердин толук топтомун эрте берген талапкер көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланды деп эсептелет.

Тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча мандаттарды бөлүштүрүүдө бир жыныстагы өкүлдөр үчүн экиден ашык мандат бөлүнүшү мүмкүн эмес.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоодо 30дан кем эмес депутаттык мандат бир жыныстагы депутаттарга таандык болот.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун жыйынтыктары аныкталган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

Эгерде көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо болбой калды же жараксыз деп таанылса, бул учурда кайра шайлоо дайындалат. Кайра шайлоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан дайындалат.

Кайра шайлоо конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт, мында шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскартылат. Кайра шайлоону өткөрүү жөнүндө билдирүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып 2 календардык күндөн кечиктирилбестен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

Кайра шайлоо өткөрүлгөн учурда аракеттери шайлоону жараксыз деп таануу үчүн негиз болгон талапкерлер көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болуп кайрадан көрсөтүлүшү мүмкүн эмес.

Эгерде "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген добуштардын саны добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн берилген добуштардын санынан ашып кетсе, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоону жараксыз деп тааныйт. Мындай учурда кайра шайлоо дайындалат.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны автоматтык эсептөөчү урнадан алынган белгиленген формадагы шайлоо бюллетендеринин саны боюнча, ал эми кошумча контроль зарыл болгондо – идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чектер боюнча да аныкталат.

80. Ар бир талапкер алган добуштардын санын так аныктоого мүмкүндүк бербеген шайлоо участогунда добуш берүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүү тартибин бузуулар шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын так аныктоого мүмкүндүк бербеген тартип бузуулар деп түшүнүлөт.

Добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылуу, добуш берүүгө байкоо жүргүзүү, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан, добуш берүүнүн жүрүшүндө шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө, добуштарды саноого же добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоого таасир эткен бузуулар шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар деп түшүнүлөт.

81. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын жараксыз деп тааныйт:

1) эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен көбүн камтыган шайлоо участокторунун бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылса;

2) эгерде жараксыз деп таанылган талапкер (талапкерлер) боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен көбүн камтыса.

### 11. Шайлоонун натыйжаларын расмий жарыялоо

82. Шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгү жайылтылган ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоо округу боюнча шайлоонун натыйжалары Борбордук шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө шайлоочуларга, талапкерлерге, саясий партиялардын талапкерлеринин өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө алардын талабы боюнча таанышуу үчүн берилет.

Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшкөнүнө жараша токтоосуз түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылган добуш берүүнүн жыйынтыктары юридикалык маанигэ ээ болбогон алдын ала маалымат болуп саналат.

83. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды шайлоонун натыйжалары аныкталгандан кийин бир сутканын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберет.

84. Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин, көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин ар бири алган шайлоочулардын добуштарынын, "Баарына каршы" позициясы үчүн берилген добуштардын саны жөнүндө маалыматтарды, анын ичинде шайлоонун натыйжаларын аныктоого негиз болгон төмөн турган шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунда камтылган маалыматтарды расмий жарыялоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЙМАК ӨНҮКСӨ – ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ

## Кадамжай районунун Ак-Турпак айыл аймагынын башчысы Жеенбек МАКАНБАЕВ:

# “АЙМАКТА ӨНДҮРҮШ ИШКАНАЛАРЫ КУРУЛУУДА”





***Баткен облусунун Кадамжай районунун эң ири айыл аймактарынын бири Ак-Турпак бүгүнкү күндө туруктуу өнүгүү жолуна түшүп, бир катар ийгиликтерге жетишүүдө. Аймактын жалпы калкы 19 миңден ашуун адамды түзүп, 3500дөн көбүрөөк кожолук жашайт. Санарип тутумуна 16 миңден ашык тургун катталып, айыл чарба, социалдык колдоо жана экологиялык иштер активдүү жүрүүдө.***

***Айыл өкмөтүнүн башчысы Жеенбек Маканбаевдин айтымында, акыркы убакта бир топ ишкер шалы кургатуучу цехтерди куруп, жергиликтүү өндүрүштү өнүктүрүүгө салым кошууда. Алсак, салык боюнча бекитилген план 34656,0 сом, аткарылганы 26886,3 сом болуп, жыл соңуна чейин планды толтуруунун үстүндө иштеп жатышат. 2025-жылга берилген квотага ылайык 68 үй-бүлө социалдык келишим алып, ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.***

***Турак жайларды камсыздандыруу боюнча 715 үй, 2 мектеп, 2 бала бакча, айыл өкмөтүнүн 5 техникасы камсыздандырылып, 2025-жылы ижарага тоорук аркылуу 71,0 га жер аянты берилген. Айыл аймактагы мал-жандыктар арасында “Шарп”, “Эмкар”, “Оспа”, “Чума” сыяктуу жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча эмдөөлөр ветеринардык врачтар тарабынан жыл ичинде 2 жолу жүргүзүлүп турат. Аз камсыз болгон, мүмкүнчүлүгү чектелген, багуучусун жоготкон жарандарга айыл өкмөтүнүн резервдик фондунан жалпы 280 000 сом материалдык колдоо көрсөтүлгөн. БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы тарабынан социалдык келишим алган 14 үй-бүлөгө 79 800 сомго азык-түлүк берилген.***

***“Жашыл Мурас” компаниясынын алкагында 700 даана ийне жалбырактуу бак-дарактардын түрү Миң-Чынар, Жаңы-Жер, Жаш-Тилек, Өрүк-Зар, Өтүкчү, Кызыл-Коргон айылдарынын жолдоруна, мекеме-ишканаларга отургузулуп, жашылдандыруу жумуштары аткарылган. Ошондой эле аймак башчысы Жеенбек Абдирасулович менен болгон маекте, аймакта дагы бир топ жетишкендиктер жүрүп жаткандыгын билдик.***

**- Жеенбек Абдирасулович, аймактагы билим берүү мекемелерине кандай көңүл бурулууда?**

- Миң-Чынар айылынын А.Төралиев атындагы жалпы билим берүү мектебине ашкана куруу үчүн жергиликтүү бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү (үлүштүк) грантынан 4 656 890 млн сом бөлүнүп, бүгүнкү күндө 50% жумуш аткарылды.

Өрүк-Зар айылындагы “Алихан-Өрүкзар” балдар бакчасы капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, ага жергиликтүү бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү (үлүштүк) грантынан 4 182 942 млн сом бөлүнүп, жумуш 100% бүткөрүлдү.

Жаңы-Жер айылындагы бала бакчанын имараты (эски жатак интернат) капиталдык ремонттон өткөрүлүп, жергиликтүү бюджеттен 2 475 072 млн сом бөлүнүп, жумуштун 100% аяктады.

Жетиген айылына 500 орундуу мектеп куруу үчүн долбоор даярдалып, сметасы 2 000 000 млн сом деп бекитилүүдө. Ал эми Кызыл-Коргон айылында орто мектептин полун алмаштырууга 97 миң 500 сом сарпталып, жумуш толугу менен бүттү.

**- Таза суу маселеси аймактарда курч боюнча калууда. Сиздерде бул багытта кандай иштер жүрүп жатат?**

- Ак-Турпак айыл аймагынын Кызыл-Коргон, Кара-Тумшук, Өтүкчү, Ак-Турпак,Чоң-Кара,Чогорок, Калача айылдарын таза суу менен камсыз кылуу боюнча Дүйнөлүк өнүктүрүү банкы тарабынан каржылануучу “Тунук Суу” долбоорун аткаруу иши 2026-жылга калтырылды. Калган Жаңы-Жер, Миң-Чынар, Жаш-Тилек, Жетиген, Келечек, Өрүк-Зар айылдарында таза суу менен камсыз кылуу үчүн 6 даана скважина казууга архитектуралык техникалык корутундулар даярдалып, “Ошгидрогеологиялык партия” түштүк аймактык ишканасы менен суунун көлөмүн аныктоо үчүн келишим түзүлүп, долбоордун иш кагаздары даярдалууда.

**- Аймактарда ирригациялык иштер акыркы жылдары жакшы жүргүзүлүүдө. Бул боюнча да айтып кетсеңиз?**

- Дюкер участкасына 55 кожолукту суу менен камсыз кылуу максатында узундугу 1,5 км болгон каналды куруу жумуштары башталды. Ошондой эле Миң-Чынар айылында узундугу 1500 м аралыктагы арыктар бетондолуп, Ак-Турпак айылына сел суулары өтүүчү узундугу 810 м болгон канал курулду. Бул жумуштар Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана айыл өкмөтү тарабынан каржыланып, аткарылган жумуштун наркы 28 160 000 сомду түздү.

**- Инфраструктураны өнүктүрүү багытында да аймактар бир топ өнүгүп жатат. Бул багыттагы жетишкендиктерге токтолуп өтсөңүз.**

- Миң-Чынар айылынын ички жолдорун асфальттоо боюнча элдин салымы менен жалпы суммасы 1 985 000 сомго узундугу 3 км болгон жолго шагыл төгүлүп, тегизделип, суу өтүүчү арыктарга трубалар коюлуп, асфальт төшөөгө даярдалды. Ушул эле айылда 1500 м арык бетондолуп, суу чарба ишканасы тарабынан 370 000 миң сом жумшалып, жумуштун 90% аяктады.

Кызыл-Коргон айылына милиция бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн көзөмөл-таяныч пункту курулуп, Ички иштер министрлиги тарабынан 20 000 000 сомго каржыланды.

Сары-Камыш айылына электр энергиясын тартуу жумуштарына 3 556 300 сом жергиликтүү бюджеттен тартылса, андан сырткары, Жаңы-Жер жана Ак-Турпак айылдарынын башкы планы даярдалды. Жаңы-Жер айылына Москва шаарында эмгектенген мекендештерибиздин колдоосу менен 400 миң сом каражат чогултулуп, Бүргөндү каналына эл жайканага өтүүчү чоң канал курулду.

Жаңы-Жер айылындагы Молдо Нияз, Ынтымак жана Аргымак дыйкан чарбаларына баруучу талаа жолдоруна ашар жолу менен шагыл төшөлүп, жол тегизделди. Ушундай эле жол менен Жетиген айылына да эл өтүүчү чоң көпүрө курулду. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин колдоосу менен Ак-Турпак айылында 810 м канал курулуп, табигый кырсыктардан коргонууга 28 000 160 сом жумшалды.

**- Жеенбек Абдирасулович, аймактарды өнүктүрүүдө инвестициянын ролу чоң эмеспи. Бул жаатта кандай инвестициялар тартылууда?**

- Кадамжай районунун Ак-Турпак айыл өкмөтүндө 2025-жылдын 9 айында ички жана тышкы инвестициялардын көлөмү жогорку деңгээлге жетип, жалпысынан 189 559 258 сомдук каражат жумшалып, айыл аймагынын инфраструктурасы, билим берүү, саламаттык сактоо жана айыл чарба тармактары өнүгүүгө багыт алды. Инвестициялардын басымдуу бөлүгү жергиликтүү тургундардын жашоо-шартын жакшыртууга багытталып, долбоорлордун 90%дан ашыгы толугу менен ишке ашырылды.




















Айыл өкмөтүнүн өз бюджетинин эсебинен 14 869 910 сом жумшалып, бул каражатка айылдарда бир катар маанилүү объектилер курулуп, оңдолду. Айта кетсек, Өтүкчү айылында кичи футбол аянтчасы курулуп, жаштардын спорт менен машыгуусуна мүмкүнчүлүк түзүлдү. Буга 1 100 455 сом жумшалып, жумуштун 95% аткарылды. Аялдардын саламаттыгына өзгөчө көңүл бурулуп, Миң-Чынар жана Жаңы-Жер айылдарында фитнес клубдар жана воркаут аянтчалары ачылып, жалпы 477 000 сом жумшалды.

Мындан тышкары, айылдардын генпландары даярдалды, балдар бакчалары оңдолду жана милициянын аймактык бөлүмүнө заманбап жабдуулар (боди-камера жана планшет) алынды.

АРИС уюму тарабынан Дюкер участкасында 5 544 000 сомго күрүчтү кайра иштетүүчү комплекс курулуп, айыл чарба өндүрүшү өсүүдө. Эң чоң салымды ишкерлер жана элдик ашар жолу менен аткарылган жумуштар түзүп, ал 116 525 000 сомго аткарылды. Бул каражатка асфальт заводдору, акжубаз, пеноблок цехтери, чайканалар, дүкөндөр жана шалы кургатуучу цехтер курулду. Мисалы "Мурзакарим" ЖЧКсы асфальт заводу жана Акжубаз курулуп, жергиликтүү өндүрүштү жандантып, ага 48 400 000 сом бөлүнгөн.

Ишкер С. Шерматов пеноблок цехин жана чайкана ачып, 4 500 000 сом жумшады. "Ак-Турпак Груп" ишканасы күрүч таңгактоочу жабдуу, трактор жана комбайндарды алып, ага 16 510 000 сом каражат жумшады.

Андан сырткары аймакта ондогон ишкерлер жалпы 12 000 000 сомго шалы кургатуучу цех курушуп, айыл чарбасын өнүктүрүүгө эбегейсиз салым кошуп жатышат. Элдик ашар жолу менен көпүрөлөр, жолдор жана каналдар курулуп, айылдардын инфраструктурасы жакшыртылды. Бул инвестициялар жергиликтүү ишкерлердин демилгеси менен гана эмес, элдин биримдигинин күчү менен ишке ашууда.

Ошондой эле "Мурзакарим" ЖЧКсы тарабынан Газ участкасына 35 200 000 сомго асфальт заводу, ушул эле ишкана тарабынан ошол эле жерге заманбап Акжубаз 13 200 000 сомго курулду. Жаңы-Жер айылында ишкер С.Шерматов 3 000 000 сомго пеноблок чыгаруучу цех жана 1 500 000 сомго чайкана куруп, ишке берди. Ош–Раззаков жолунун жээгине Жабор аттуу ишкер мөмө-жемиш сактоочу муздаткычты 10 000 000 сомго куруп, анын 60% жумушу бүтүп калды. Ак-Турпак айылынын тургундары А.Жарматов менен Д.Таабалдиевдер ар бири 2 500 000 сомго Беларус-892.2 МТЗ техникасын алышса, "Ак-Турпак Груп" ишканасына 2 трактор, 1 комбайн, 2 жүк ташуучу авто, күрүч таңгактоочу жабдуулар алынды. Жаңы-Жер айылында ишкер У.Хакулов жүгөрү тартуучу тегирменди 500 000 сомго алып, иштетип жатат.

Албетте, бул иштердин баары Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн өнүгүүсүнүн жаркын мисалы. Жалпы инвестициянын 100%га жакыны ишке ашырылып, айыл тургундарынын жашоо деңгээли көтөрүлдү. Аймагыбыз алдыда бул сыяктуу долбоорлорду улантууну пландаштырууда. Келечекте бул сыяктуу иштер экономикабыздын өсүшүнө салым кошуп, жергиликтүү тургундарга дем-күч болот деген ишенимдебиз.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**

***Сүрөттөрдө аймакта жасалып жаткан иш-аракеттер***










Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## 2025-ЖЫЛДЫН 30-НОЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАРДЫ АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы ПЖ №272 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 9-ноябрындагы №197 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө эл аралык (чет өлкөлүк) байкоочулардын иш тартиби, статусу жана ыйгарым укуктары жөнүндө жобону жетекчиликке алып, эл аралык уюмдардан келип түшкөн билдирмелердин негизинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Тиркемеге ылайык Филиппин Республикасынын Шайлоолор боюнча комиссиясынын, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Байкоочулар миссиясынын, Түштүк Кореянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Түркия Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Иран Ислам Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Германия Федеративдүү Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Монголиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Парламенттер аралык Ассамблеясынын, Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын, Шанхай Кызматташтык Уюмунун жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмдун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунун өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо эл аралык байкоочулар катары аккредитациялансын.

**2.** Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн аккредитацияланган эл аралык байкоочуларга белгиленген үлгүдөгү ырастамалар берилсин.

**3.** Ушул токтом “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-ноябры, №154***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 24-ноябрындагы №154 токтомуна тиркеме*

## АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| № к/н | Тастыктама № | Уюм | Фамилиясы, аты-жөнү | Өлкө | Ээлеген кызмат орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 379. | **Филиппин Республикасынын Шайлоо боюнча комиссиясы** | **Абигейл Жастин С. Лилаган** | **Филиппин Республикасы** | Филиппин Республикасынын Шайлоо комиссиясынын Укуктук камсыз кылуу департаментинин юридикалык бөлүмүнүн башчысы |
| 2. | 380. | Филиппин Республикасынын шайлоо боюнча комиссиясы | Имелда А. Панис | Филиппин Республикасы | Шайлоо офицери, Сан-Хосе-дель-Монте |
| 3. | 381. | **Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Миссиясы (КМШ Миссиясы)** | **Аннадурдыев Амангельды Бяшимович** | **Түркмөнстан** | **Түркмөнстан БШКсынын катчысы** |
| 4. | 382. | КМШ Миссиясы | Дурдыев Сардар Гульмухамедович | Түркмөнстан | Түркмөнстан Меджлисинин депутаты |
